«Бекитемин"

К.Маликов атындагы ЖББО

мектебинин директору:

Чортонова Н.Т

**К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 5-классынын кондүмдүмдөрүн (адаптациясын) текшерүү жана ата-эне, мугалимдерге сунуштар.**

Окуучулар жаңы тепкичке көтөрүлүшүнө ата-энелердин салымы. Бул учурда окуучулар жаны мугалимдер, жаңы сабактар , жаңы окуу графиги жана ошондой эле окуучулар үчүн сабактардын көптүгү. Мына ушул учурда окуучуларга кандай жардам берүү керек.
Бул учурда окуучулардын сабакка болгон каалоосунун төмөндөшү жана ошондой эле окуудагы, эмоционалдык көйгөйлөр, организмдин өзгөрүшү байкалат. Бул учур өзгөчө башталгыч класстан 5-класска өткөндө болушу мүмкүн. Мунун негизги себептеринин бири башталгыч класстан бир гана мугалим менен иштеп ал эми 5- класстан баштап ар бир сабактан гпредметтик мугалимге алмашканы дагы окуу программасынын оорлошу, мектеп ичиндеги жаңы статус жогорку класстардын эң кичинеси жана жеткинчек курактын башталышы болуп саналат. Бул учурда окуучуларда тынчсыздануу көбүрөөк байкалат. Мына ушул учурда мугалим менен ата-энелердин багыт берүүсүнө же болбосо колдоосуна өтө муктаж болот. Бул окуучулардын жөн гана жаңы окуу программасына көнүүсү гана эмес, жеткинчек куракка келүүсү жана башталышы болуп да эсептелет.

**5-класстын адаптация учурунда физикалык өзгөчөлүктөрү:**

• Күн тартибинин. башталгыч класс менен салыштыруу ойлоосу жана физикалык кыймыл-аракетиндеги кыйынчылыктар.

• Окуучулардын эрте жетилүүсү организмде горманалдык өзгөрүүлөрдү алып келет

• Окуучунун өз алдынча тамактануусу бул окуучунун чоңоюшунан кабар берет.

**Ата-энелерге сунуш:**

• Окуучулардын дене мүчөлөрүнүн өсүп жаткандыгына байланыштуу алар тапшырма аткаруу аралыгында дене-тарбиялык көндүмдөрдү жазап туруу үчүнатайын үйдө бир бурчту түзүшү керек же болбосо атайын спорт залдарга жаздыруу, кружок, секцияларга катыштыруу зарыл. Ошондой эле жазуу учурунда окуучунун дене түзүлүшүнө көңүл буруу зарыл.

Окуучулардын тамактануусуна да көңүл буруу керек. Тамактануу рационунда витеминдер жана жер жемиштер болушу керек.

Окуучуну өз алдынча ден соолугуна жоопкерчилик менен мамиле кылууну үйрөтүү. |

Психологиялык кыйынчылыктар адаптация учурунда

Окуучунун үйүндө тымчсыздануусу түздөн-түз анын жаңы баскычка көтөрүлүшү менен байланыштуу.

Окуучунун өз алдынча тынчсыздануусу.

Баланын жаңы шартка көнүшүнө үй-бүлөсү жана анын чөйрөсүнөн көз каранды.

**Баланын адаптация болушуна төмөнкүлөр кирет:**

Өзүнүн ички абалы

Мүнөзү

Башталгыч класстагы жетишкендиги

Ден-соолугу
Классы менен болгон мамилеси
Өзүн озү баалоо
**Ата-энелерге сунуш:**
Биринчиден окуучу болгон же боло турган окуудагы жетишпестигин кабыл ала билүү керек.
Ата-энелер тарабынан окуучунун мектебине кызыгуучулук көрсотүп, анын ар бир күнү тууралуу маалымат алып турушу керек.
Окуучуга коркутуу, окуучунун тарабына жаман ойлор жана физикалык жаза колдонуу сунушталбайт. Өзгөчө башка адамдардын катышуусунда. Окуучуларды өзүнүн сүйүктүү иштеринен ажыратпоо ( компьютер оюндары).
Балдардын темпераменттерин эске алуу керек ( жай жана аз камсыз болгон балдар адаптация мезгилинде кыйла татаал жана узак өтүшөт.)
Баланын окуу ишинде өз алдынчалык берүү жана окуу ишин негиздүү контролду уюштуруу.
Окуу жетишкендиктери үчүн тана эмес баланын жетишкендиктерин моралдык жактан стимулдаштыруу.
Баланын өзүн-өзү башкаран билүүсүн, өзун-өзү сыйлоосун камсыздоосун
Психологиялык жактан алганда, бул курак акырындык менен негизги бойго жетүү сезими менен байланыштуу жаш өспүрүмдүн инсандык неоплазмасы
Жаш балдардын психологиялык активдүүлүгү. Жөндөмдөрү, иш-аракеттери өнүгөт жана булар оң эмоцияларды жаратат.
Ийгилик (же ийгиликсиз)окутууда баланын мотивациясына олуттуу таасир тийгизет .Мында баалар маанилүү ролду ойнойт. Жогорку баа алардын баалуулугун тастыктоого мүмкүнчүлүк берет. Өспүрүм үчүн баалоо менен өзүн-өзү баалоонун дал келиши эмоционалдык жактан маанилүү. Болбосо ички ыңгайсыздык, атугул чыр -чатак сөзсүз болоруна шек жок. Жаштын физиологиялык езгөчөлүктөрүн эске алуу менен ( өсүү жана өнүгүү темпераментин дал келбестиги организимдин ар кандай функцияналдык системаларынын ) өтө эмоционалдык өспүрүмдөрдүн туруксуздугуна алып келет. Ошентип , башталгыч класстан жогорку класска отүү, баланын сыртынан гана эмес, ички өзгөрүүлөргө дуушар болушуна алып келет.

5-класста 2022-2023-окуу жылында параллель класстар болгондуктан эки классты салыштырууга болот. 5-а класстын окуучулар абдан жандуу класс. Ал эми 5-б класс кыймыл жагынан, жүрүш туруш жагынан абдан эле кыймылдуу бирок окуу жагынан орто деңгээлде.